**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу Билим” агенттигинин 2024-жылдын 7 - майындагы отурумунун №7 протоколунун көчүрмөсү**

**Отурумдун катышуучулары:**
Катышты – 9 Аккредитациялык Кеңештин мүчөсү
**Төрага:**
Тажибаев К.Т.
**Төраганын орун басары:**
Маматалиев М.А.
**Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү:**
Ниязалиев У.С., Уркунчиев Т.К.,
Искандер Таалайбек, Мамытов Т. Т.
**Он-лайн форматта катышкандар:**
Белекбаев У.Т.,
Асанбекова Ч.М., Абдыкадыров А.З.
**Катышкан жок:**
Б.М.Бейшеев, Турдумамбетова Э.Д.

**Күн тартиби:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна ылайык жана берген арыздарынын негизинде тышкы эксперттик комиссиялардын билим берүү программаларын аккредитациялоо жана төмөнкү билим берүү уюмдарын аккредитациялоо боюнча сунуштарын талкуулоо:

1. **Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин (БАКМК)** 230109 «Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системалар үчүн программалык камсыздоо» билим берүү программасы.
   **Комиссиянын төрайымы:** Жунушалиева Нурзат Манасовна, Салымбеков университетинин IT жана бизнес колледжинин директору.

**Угулду:**

**Тажибаев Кушбакали Тажибаевич**:

- Урматтуу Аккредитациялык кенештин мүчөлөрү!

Бүгүнкү отурумда Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин (БАКМК) 230109 «Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системалар үчүн программалык камсыздоо» билим берүү программасы боюнча (ОКББ) тышкы эксперттердин жыйынтыгын карап, чечим чыгарып беришибиз керек.

**Биринчи маселе** боюнча комиссиянын төрайымы Жунушалиева Нурзат Манасовна, Салымбеков университетинин IT жана бизнес колледжинин директору презентацияны көрсөтүп, комиссиянын чечими менен тааныштырды.

БАКМКны эксперттик комиссия барып текшерип келдик. Мурдагы курулуш техникуму, 230109 «Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системалар үчүн программалык камсыздоо» билим берүү программасы боюнча (ОКББ) өтүп жатышат (толук отчет тиркелген).

**К.Т.Тажибаев:**

Албетте, бул окуу жай 1930-жылы ачылган, кесиптик билим берүү нукка салынып, учурда да алдыга жылып, эл аралык уюмдар менен иштешип келишет экен. Эксперттер 5 жылга аккредитация берилсин деп сурап жатышат.

Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин (БАКМК) 230109 «Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системалар үчүн программалык камсыздоо» билим берүү программасы боюнча (ОКББ)

эксперттер аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин деп сурап жатышат.
**Добуш берип койсоңуздар.**
Ооба – 9, каршы –жок

**Чечим:**

Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин (БАКМК) 230109 «Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системалар үчүн программалык камсыздоо» билим берүү программасы боюнча (ОКББ) аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин.

**Төрага** **К.Т.Тажибаев**

**Катчы** **Ч.М.Асанбекова**